DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Сатимкулова М.А.*

# БЕЛЕК СОЛТОНОЕВДИН КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

*Сатимкулова М.А.*

# ВКЛАД БЕЛЕКА СОЛТОНОЕВА В КЫРГЫЗСКУЮ ЭТНОГРАФИЮ

***M. Satimkulova***

# THE CONTRIBUTION OF BELEK SOLTONOEV TO THE KYRGYZ ETHNOGRAPHY

*УДК: 94:39(575.2)*

*Бул макалада кыргыздын алгачкы жазма тарыхчыларынын бири Белек Солтоноевдин кыргыз этнографиясына кошкон эбегейсиз зор салымы жана кыргыздардын материалдык жана руханий маданияты жөнүндө берилет. Б.Солтоноевди кыргыз тарыхын изилдөөчүсү катары таанымал кылган «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгегинде этнографияга өзгөчө көп көңүл бурулган. Белек Солтоноев өзүнүн бул көлөмдүү эмгекти «1895-жылдан баштап жыйып, 1934-жылы жамдадым» - деп жазган. Отуз тогуз жыл ичинде жер кезип кыргыздардын тарыхына тиешелүү окуяларды, санжыраларды, этнографиялык, элдик оозеки маалыматтарды чогултуп, ошондой эле кыргыз элинин тарыхын биринчилерден болуп жазган чыгыш таануучулары И.Бичурин, В.В.Бартольд, В.В.Радлов, Н.А. Аристов өңдүү Махмуд-Кашгари, Абулгазы, Туманский жана башка тарыхчылардын эмгектерин окуп, анализдеп жазган.*

***Негизги сөздөр**: этнография, тарых илими, изилдөө, маданият, тарых, этногенез, кыргыз эли.*

*В данной статье рассказывается о большом вкладе Белек Солтоноева, одного из первых кыргызских письменных историков, в кыргызскую этнографию и материальную и духовную культуру кыргызского народа. Белек Солтоноев наиболее известен как исследователь кыргызской истории в своей книге «История красных кыргызов», посвященной этнографии. Белек Солтоноев писал, что это большое произведение он собирал «с 1895г. и собрал в 1934г.». На протяжении тридцати девяти лет он одним из первых востоковедов собирал рассказы, генеалогии, этнографические и фольклорные сведения об истории кыргызского народа, а также писал историю кыргызского народа. Он читал и анализировал труды Махмуда-Кашгари, Абулгазы, Туманского и других историков, таких как Бичурин, В.В. Бартольд, В.В. Радлов и Н.А. Аристов.*

***Ключевые слова**: этнография, историческая наука, исследование, культура, история, этногенез, кыргызский народ.*

*This article tells about the great contribution of Belek Soltonoev, one of the first Kyrgyz written historians, to the Kyrgyz ethnography and the material and spiritual culture of the Kyrgyz people. Belek Soltonoev is best known as a researcher of Kyrgyz history in his book "History of the Red Kyrgyz", dedicated to ethnography. B. Soltonoev wrote that he collected this great work «since 1895 and collected it in 1934». For thirty-nine years, he was one of the first orientalists to collect stories, genealogies, ethnographic and folklore information about the history of the Kyrgyz people, and wrote the history of the Kyrgyz people. B.Soltonoev is best known as a researcher of Kyrgyz history in his book "History of the Red Kyrgyz", dedicated to ethnography. B. Soltonoev wrote that he collected this great work "since 1895 and collected it in 1934." For thirty-nine years, he was one of the first orientalists to collect stories, genealogies, ethnographic and folklore information about the history of the Kyrgyz people, and wrote the history of the Kyrgyz people. He read and analyzed the works of Mahmud-Kashgari, Abulgazy, Tumansky and other historians such as I.Bichurin, V.V. Bartold, V.V. Radlov and N.A. Aristov.*

***Key words:** ethnography, historical science, research, culture, history, ethnogenesis, Kyrgyz people.*

Алгачкы кыргыз тарыхчысы, тарых илиминин түптөөгө ири салымын кошкон Белек Солтоноев этнограф катары тарых илимине эбегейсиз салым кошкон адистердин бири. Ал кыргыз элинин этнографиясын жана маданиятын иликтеп, эмгектерди жараткан. Анын олуттуу эмгектери кыргыз этнографиясынын өзөгүн түзөт.

Белек Солтоноевдин кол жазмасы кыргызча, эски араб графикасында жазылган. 616 барактан турган кол жазмасы тарыхый, фольклордук жана этнографиялык материалдардын жыйнагы болуп саналат. Б.Солтоноев 1895-жылдан баштап 1934-жылга чейинки материалдарды чогултуп, байыркы доордон Октябрь революциясына чейинки эбегейсиз зор мезгилди камтууга аракет кылган. Бул китеп төмөнкү маалыматтарды: тарыхый адабияттан алынган маалыматтар, элдик оозеки чыгармалар, уламыштар, санжыра жана жомоктордон, Б.Солтоноевдин өзү сыяктуу окуялардын күбөсү болгон карыя-аксакалдардан сурамжылоо аркылуу чогулткан материалдарды камтыйт. Бүгүнкү күндө бул эмгек Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын «Кол жазмалар» фондунда сакталат.

Белек Солтоноевдин китебине 1959-жылы СССР илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун илимий кызматкери А.Валитова өз пикирин жазып, кол жазманын мазмунуна жараша, үч негизги топко бөлүп караган:

1. Тарыхый маалыматтар.
2. Этнографиялык жана фольклордук маалыматтар.
3. Археологиялык маалыматтар.

«Этнографиялык жана фольклордук материалдар, Белек Солтоноевдин кол жазмасынын эң баалуу бөлүгүн түзөт. Себеби, бул кол жазманын баалуулугу этнографиялык маалыматтарды өзү чогултуп кагаз бетине түшүргөн» - деп баалуулугун белгилеген [1, 2-б].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Кол жазмадагы этнографиялык материалдар төмөнкү бөлүмдөргө бөлүнөт: кыргыздардын коомдук-саясий түзүлүшү, согуштук өнөрү, аш-тойлору, оюн-зоогу жана кыргыздардын жыл эсептери, планета жана жылдыздардын аталышы, аңчылык, мүнүшкөрлүк, саяпкерчилик өнөрү, кыргыздардагы үйлөнүү салттары жана башкалар.

Белек Солтоноев көчмөн кыргыз уруулары калыптанган аймак катары азыркы Кыргызстандын аймагы гана эмес, ал Чыгыш Теңиртоонун жана Теңир-тоо этектеринин, Памир-Алайдын жана Чыгыш Түркстандын, Энесай менен Эртыш боюнда, Алтай менен Моңголиянын кең мейкиндиктеринде өткөндүгүн санап өткөн [2, 5-б.].

Кыргыздарда тарыхты жазуу боюнча эмгектердин көпчүлүгүндө түрктөрдүн келип чыгыш тарыхын чагылдыруу болгон. Улуттук кайра жаралуу мезгилиндеги тарыхый аң-сезимге мүнөздүү сапаттардын бири – түрктөрдүн байыркылыгын идеалдаштыруудан кыргыз тарыхчылары да четте калган эмес, анткени улуттун келечеги өткөндөгү улуулукту издеп, жаш муундарга жеткирүү.

Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгеги кыргыздын келип чыгышы жөнүндөгү кыргыз тарыхынын өзөгүнө айланган. «Көк көк болуп, көккө жылдыз куралып, Күн жаралып, Ай чыгып, жер үстү нече түргө айланып, канча муз доору өтүп, таш, мис доорлору жетип, адам баласы чыга келип, жер жүзүнө акыл жумшап, анын ар тарабына жайылып, маданийатка кирише баштаганда эң эски заманда арасынан «түрк» уругу чыга баштаган. Түрк (түкүйө) – кытай тили болуп, «темир туулга, темир калкан» деген сөз. Түрк деген эл адам баласынын эң эски уругунун биринен саналып, заманында адам арасында баатыр, таза, калп айтпай турган туура элден саналган. Кыргыз ошол түрктөн саналган фин, гун уругунан жаки түрктөшкөн могол, жаки арий насилинен каны аралашкан бир урук «курама» эл» [3, 3-б.] - деп белгилеген.

Мындай пикирди «Авестаны» жана орус тарыхчылары В.В. Бартольд, В.В. Докучаевдин эмгектерине таянып жазган. Автор бул маалыматтарды болжол менен (600-1203-682-1283-жж.) жашаган араб адабиятчысы Абу Йахйа Закарийа ибн Мухаммад ибн Махмуд ал-Кавинин 661-1263-ж. жазылган «Ад-жаиб ал-булдан» («Жаратылыш укмуштары») - деген эмгегинен мисал келтирип жазган.

Белек Солтоноев кыргыз коому боюнча көптөгөн материалдарды калтырган. Кыргыздардын таптык түзүлүшүн хан, манап, бий, баатыр, бай, букара, кедей жана кул деп сегиз түркүмгө бөлгөн. Кыргыздарда биринчи бийлик органы куралданган адамдардын жетекчиси каган (хан), инал, ажо, болгондугу айтылат. Жазма булактар тастыктайт. Кыргыз калкынын негизги бөлүгүн чакан маалдын ээлери түзгөн. Калктын тигил же бул топтун башында бийлер жана манаптар сыяктуу феодалдык-уруулук төбөлдөр турган. Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде бийлердин кылган жоругун ашкерелеп мисал келтирип жазган. Кедей кембагал адамдарды кандай кордогон жөнүндө жазып калтырган. Салтка ылайык кыргыз феодалдары башка көчмөн катмардан айырмаланып бий эсептелинген. Кыргыздардын ууру башчылары «бий» титулун алышкан [4, 137-б.].

XIX кылымдын экинчи жарымында түндүк Кыргызстанда «манап» деген социалдык жаңы термин кеңири таркалып, ал феодалдык төбөл катары бий, деген түшүнүктү бара-бара сүрүп чыгара баштаган. Түштүк Кыргызстанда, Кетмен-Төбөдө манап кызматы болгон эмес. Бул жерде «Датка» жана «Бек» кызматы болгон. Кыргызда «Баатыр алтоо, бай төртөө, кедей сегиз, бий жалгыз, кул тогуз» деген эски макал сыктуу коомдун көпчүлүк бөлүгүн кедей кембагал көп болгондугун көрсөтүп жазган.

Байлардын колунда айдоо, аянт, жайыт, төрт түлүк мал болгон. Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде байдын бөлүнүшүн төмөндөгүдөй бөлүп көрсөткөн. Чоң бай (март бай), мырза бай, эгерде ата-бабасынын малы көп болуп келе жатса, аны «уюткулуу бай» деп дагы атаган. Сараң бай - бир тууган, сөөк-сактарына эчтеме бербейт. Жайы кышы жалгыз конот, жалгыз жайлайт. Жанына коңшу кондурбайт, жаны айылга конууга айыл көчүп келе жатса, түн болсо да көчө качат. Буюм бербесе сураса бербестен урушут. Буларды «Жеке мерез бай» деп байларды төрткө бөлгөн [5, 207-б.].

Өзүнүн эр жүрөктүүлүгү, кайраттуулугу жана чечкиндүүлүгү менен айырмаланып, өзгөчө жортуулдарда, айыгышкан согуштарда тайманбас көк жалдыгы менен атак алып, баатыр атангандар кол баштап жүргөн. Калктын басымдуу көпчүлүгүн орто чарбалар түзүшкөн. Алардын кырк, элүүдөй кой-эчкилери, уйлары, ат-төлөрү жана айылдын аймагында айдоо жери болгон.

Андан кийинки катмарды кедейлер, жакырлар, жалчылар, малайлар, жатактар, чайрикерлер, мардикерлер өңдүү ар кандай катмарларга бөлүнүшкөн. Кулдар негизинен казактар, калмактар, өзбектер жана башка менен согуштардын убагында колго түшкөн туткундар болгон. Б.Солтоноев өзүнүн эмгегинде кулдарды бир канча түргө бөлгөн [6, 208-б.].

«Там салышты «тирүүлөй көргө кирет» деп сүйбөстөн, ылайык көрбөгөн» [7, 6-б.] - деп кыргыздар орустардын таасири астында гана отурукташа баштагандыгын ага чейин негизги турак-жай боз үйлөр, кара үй, кыргыз үй турак жайдын түрлөрү болгондугун айтып өткөн.

Негизги чарбасы катары көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылык, түпкүлүктүү калк мал менен күн көрүп, тамак-ашы, кийим-кечеси, үй-жайы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



да мал чарба продуктуларынан алынган. XIX к. аягында - XX к. башында кыргыз чарбаларында саны жагынан биринчи орунду мурдагыдай жылкы эмес, кой, бир аздан эчки ээлеген, андан соң жылкы, бодо мал, төө, топоз тургандыгын жазган.

Ал эми «айдаса да көбүнчө таруу айдаган. Буудай, арпаны кемчил айдашып, буурчакты чаңда айдаган», - деп дыйканчылык кыргыздарда анчалык жакшы өнүкпөгөндүгүн баса белгилеген. Кыргыздарда аз санда болсо да соодагерчиликтин болгондугун «Соода ишин билбестен, соодагер, кызыл кулак деп унатпаган. Кокон заманында кыргыз феодалдарынан соода кылганы болгонун» [8,11-б.] - жазган.

Кыргыздардын тамак-ашында сүт (айран, жуурат, сүзмө, курут, сары май, эжигей, кымыс) жана эт (беш бармак), казы-карта, чучук азыктары басымдуулук кылган. Кыргыздар арпадан, буудайдан талкан жасашкан, көжө бышырып, нан жабышкан.

Кыргыздар мусулман калк болгону менен, исламдын негизги жол-жоболорун анча жакшы билишкен эмес. Кыргыздардын баары эле диний ырым-жырымдарды аткарышпаган. Ошондуктан кыргыз калкынын негизги массасында диний фанатизм байкалган эмес. Үстөмдүк кылуучу таптар гана жасаган иштеринин маани-маңызын жеткире түшүнүшпөсө да беш ирет намаз окуп турушкан Кыргыздардын ишеними боюнча жин-шайтандарды бакшы, бүбүлөр кууп чыгарышкан, адамдын тагдырын далычы, көзгүчү, төлгөчүлөр алдын ала айта билет дегенге ишенишкен. Үй-бүлө тиричилигинде ар кандай сыйкырдуу ырым-жырымдар: дуба салуу, окуу, алас-тоо ж.б. аткарылган [9, 15-б.].

Чоң майрамдарда ар кандай оюн-тамашалар өткөрүлгөн. Эр сайыш, жамбы атмай, көкбөрү тартыш ж.б. өткөрүлгөн. Ордо ойнуна көптөгөн кишилер келген. Тогуз коргоол оюну акыл-эстин өрчүшүнө көмөк берген. Мындан башка көптөгөн элдик оюндар болгон. Белек Солтоноев кыргыздын оюн-зооктorун да өзүнчө белгилеп кеткен. Кыргыздар негизинен аш-тойлордо жана бош убак мезгилде ар кандай оюндардын түрүн ойноп эс алууга убакыт бөлүшкөн. Кыргыздардын оюндарынын көпчүлүгү физикалык тарбияга үйрөткөн. Кайсы гана аш-тойлор болбосун оюнсуз болгон эмес. Кыргыздар ар түрдүү эс алуунун чоң күйөрмандары болушкан. Аш-тойлор негизинен улуттук оюндар аркылуу өткөрүлгөндүгүн баса белгилеген. Көк бөрү тартуу орус оторчусуна карагандан соң түндүк кыргызына жайылган. Оюндун ичинде кыргыздын эң биринчи жакшы көргөнү жана көп ойногону болгондуктан, «ордо атыш» согуш дарты болгон себептен аны толук көрсөтүп жаздым» - деп берген [10, 269-б.].

«Табыпчылыгы» бөлүмүндө кыргыздардын бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келе жаткан ырым-жырымдарга таянгандыгын. Табыпчылык атадан балага өткөн. Башка көчмөндөр сыяктуу эле аларда жашоо, турмуштук тажрыйба аркылуу оорунун кээ бирлерин айыктыра алышкан. Табып ооруну билүүгө аракеттенген. Табыпчылык өтө кадыр барктуу кесип эле. Кыргыз табыптары тамырын кармап, сурамжылап отуруп анын эмне менен ооруганын билүүгө аракеттенген. Кыргыз табыптары чечек, кургак учук, келте, сасык тумоо, жин, безгек, тамак, баш, жүрөк ооруларын, кызыл жүгүрүк, кептоор, кызамык, кара мык жана башка ооруларды билишкен.

Белек Солтоноевдин эмгегинде согуштук жөнү тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар келтирилген. Жоокерчилик ыгын өз заманына жараша кыргыз жакшы билип, бүткүл жан сактоосу жана оюну согуш илимине ылайыкталып курулган. Согушка өтө ынтык болуп, жаш балдарын жаш чагынан согушка даярлоо оюндарын үйрөтүп, 17-50 жашка жете уруш милдетин мойнуна алган. 60-70 жашка келгенде согушка аралашкандары болгон, жекеге чыккандарын дагы айтышат. 14-15 жаштарга келгенде баланча киши жоого аттанган деп айткандарын табыштаганда анык сөз болуп, согушта эрдик көрсөткөн. Кыргыз карыяларынан эки-үч киши баш болуп калса көбүнчө согуш тууралуу сүйлөшөт. Согушка жана алыска жортуулга барганда тамагына эт, сүзмө жана актаган таруу алган [11, 103-б.].

Белек Солтоноев жыл мезгилдерине жана аба ырайына эсепчилер байкоо жүргүзүп, кыргыздар жыл мезгилдеринин алмашуусуна негизделген күн календарын пайдаланышканын жана алар Алтын Казык, Жетиген, Чолпон жана башка жылдыздарды билишкенин белгилеген. Кыргыздар жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүн жакшы билишкен. Алар элдик медицинада пайдаланылган, малга оттун сан миңдеген чөптөрдүн түрүн ажырата билишкен.

Кыргыздардын арасында жыл саноо негизги ролду ойногон. 12 жыл жаныбарлардын аталышын алган. Ар бир цикл 12 жыл «Мүчө» аталган. Адамдын төрөлүшү жаныбарлардын мүнөзүнө окшоштурушкан. Эгер адам арстан жылында төрөлсө, күчтүү жана кайраттуу болот деп билишкен. Эгер жылан жылында төрөлсө, анда анын тили уу болот деп түшүнүшкөн. Календарлык жыл 4 мезгилге бөлүнгөн. Жаз, жай, күз, кыш. Кыштын 3 айы кыргыздар үчүн коркунучтуу болгон. Башкача айтканда 41 күн чилде. Эң суук мезгил декабрдын ортосунан жана февралдын башына чейин уланат. Кыргыздарда баардык календар жапайы жаныбарлар атынан аталган. Мисалы: июнь - теке, май - кулжа, апрель - бугу жана башка ошондой сыяктуу. Кыргыздарды айдын абалына караша айды эсепке алышкан.

Кыргыздар билген жылдыздарын Б.Солтоноев төмөндөгүдөй кылып бөлгөн: 1) Үркөр. 2) Толтойдун огу. 3) Үч аркар. 4) Жетиген. 5) Кичи жетиген. 6) Алтын казык. 7) Кошоктолуу кош музоо. 8) Сар жыл-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дыз. 9) Балбылдак жылдыз. 10) Чычкылуу жылдыз. 11) Саман жол. 12) Ай. 13) Күн. 14) Көргөн саба - деп көрсөткөн [12, 140-б.].

Белек Солтоноев эмгегинде белгилүү атактуулардын күлүк аттарын санап мисал келтирген. Жолоочу жүрүп бара жатып ат үстүндө тамак ичишкен. Автордун эмгегинде жылкы тууралуу макал-лакаптар келтирилген. Мисалы: «Желдей болуп жүргөндөн жылкы болгон», «Ат, аттан соң жат», «Айгыр ала болсо, кулуну кула болот», «Ат эси менен, баш мээси менен», «Эр жигит бирде мырза, бирде кул», «Күлүк ат чапса күлүк, сатса пул», «Ат сүрүнбөй жер таанибайт, эр сүрүнбөй эл таанибайт» деген макал-лакаптарды келтирген. Кыргыздар жакшы атынын башын бийик жыгачтын башына илген. Сынчылар кишини жана атты гана сынап, башка малды сынабаган.

Белек Солтоноев бүркүттүн түрүн жанын негизи көрүнүшүн сүрөттөп жазган. Бүркүттүн санын алтымыш бешке айрып, анын ичинде кыраандарын он тогуз урукка бөлгөн. Мисалы: Алп каракуш, муз мурут, Чөгөөл, Куу кашка, үч ала жана башкалар. Бүркүт куштардын эң алпы болуп эсептелинет. Коен, түлкү, карышкыр, аркарлар жана башкаларды алат.

Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар-кулжа, эчки-теке, карышкыр тобу менен алган. Кыргыз күлүк ат, бүркүт, шумкарды кандай жакшы көрсө, тайганды да ошондой ардактайт. Тайган салышка кыргыз өтө уста болуп, аны көбүнчө кедей чарбасы салган. Б.Солтоноев өзүнүн эмгегинде ушундай сынын айтып өткөн: 1. Кабагы тик болот. 2. Тумшугу ичке, узун болот. 3. Көзү кып-кызыл. 4. Сырты октой жүз. 5. Мойну жумуру. 6. Оозу өтө чоң. 7. Бели кыска. 8. Эки жамбаштын кошкон эни төрт эли, андан да кең. 9. Толорсугу тик. 10. Беш манжа таманы, кууш, кичине. 11. Туу куйругу түбү жоон болот [13, 275-б.].

Кыргыздар эң жакшы көргөн жана кеңири пайдаланган аспаптар комуз, темир комуз, кыл кыяк болгон. Кыргыз ырлары эмгек, үрп-адаттык, лирикалык, сапат, бешик, балдар, тамаша, кордоо, мактоо, жаштар жана оюн, тарыхый ырларга бөлөнгөн. Жер кезген календерлердин, бүбүлөрдүн, дубаналардын, бакшылардын ырлары өзгөчө топту түзгөн.

«Бул тарых кыргыз тарыхынын сапаты жагынан биринчи даражада болбосо да, келерки кыргыз тарыхына түбөлүктүү материал болор деген талап менен ортого салдым» - деп өзүнүн эмгеги жөнүндө жазган Белек Солтоноев Кыргызстандын тарыхын изилдөөчүлөргө табылгыз булак калтырганын ишеним менен белгилейт. Чынында Белек Солтоноевдин тарыхый мурасы кыргыздардын этнографиялык маалыматтарын калыбына келтирүүгө негизги кыргыз авторунун тарабынан жаралган эмгек болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. КР УИА КЖФ Инв.№196/1057 а. - Б. 2.
2. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер - 1-китеп. - Бишкек: «Учкун», 1993. - Б. 5.
3. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер – 1-китеп. - Бишкек: «Учкун», 1993. – Б. 3.
4. Сатимкулова М.А. Белек Солтоноевдин кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятын изилдөөдөгү салымы. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, №3, 2016. – Б. 137.
5. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 - Б. 207.
6. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 - Б. 208.
7. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер – 1-китеп. - Бишкек: «Учкун», 1993. - Б. 6.
8. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 – Б. 11.
9. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 - Б. 15.
10. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 - Б. 269.
11. Сатимкулова М.А. 1916-жылкы көтөрүлүштүн Белек Солтоноевдин чыгармасында чагылдырылышы. / Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, №3, 2016. - Б. 103.
12. Белек Солтоноев. Кыргыз тарыхы. - Бишкек: «Архи», 2003 - Б. 275.
13. Сатимкулова М.А. Белек Солтоноевдин кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятын изилдөөдөгү салымы. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, №3, 2016. - Б. 140.